*УДК: 364.043.4.1*
*DOI: 10.35254/bhu.2021.52.4*

***Садырова Г.К.***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек мамлекеттик университетинин доценти*
***Саякова А.М.***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек мамлекеттик университети*

# ЖАЗА АТКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КЕСИПТИК КҮЙҮҮСҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ВЫГОРАНИЯ РАБОТНИКОВ УГОЛОВНО-ИСПОЛНИТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ

# FEATURES OF PROFESSIONAL BURNOUT OF EMPLOYEES OF THE PENITENTIARY SYSTEM

***Аннотация***: *Кыргызстандын шарттарында ар кандай кесиптеги адистердин кесиптик күйүүсүнүн проблемасы өтө актуалдуу. Изилдөөлөр көрсөткөндөй инсандын социалдык-экономикалык шарттарында, анын жашоо-турмушунда кесиптик күйүүсүнүнүн тийгизген терс таасири каралат. Макалада жаза аткаруу системасынын кызматкерлеринин эркинен ажыратылган, абактагы адамдар менен кызмат учурунда жүргүзүлгөн иштериндеги кесиптик, эмоционалдык күйүүсүнүн өзгөчөлүктөрү талданат жана анын алдын алуу иштеринин багыттары сунушталат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *эмоционалдык күйүү синдрому; профессионалдык деформация; психопрофилактика; кызматтык баарлашуу; коммуникативдүү компетенттүүлүк; инсандык ресурстар.*

***Аннотация***: *В условиях реалий Кыргызстана проблема профессиональной деформации, и, в частности, эмоционального выгорания специалистов различных профессий, является наиболее актуальной и злободневной. Формирование ценностных ориентаций личности в высокой степени детерминировано социально-экономическими условиями ее жизнедеятельности, и если условия неблагоприятны, они будут способствовать деформации ценностно-смысловой сферы. Изучение причинно-следственных связей столь сложного феномена эмоционального выгорания личности является особенно актуальным и важным на сегодняшний день для специалистов тех профессий, чья деятельность предъявляет высокие требования к нравственным и личностным качествам сотрудников, их эмоциональной выдержке, психологической подготовленности. В статье анализируются особенности профессионального, эмоционального выгорания сотрудников уголовно-исполнительной системы в работе с осужденными, отбывающими наказание, рекомендуются направления его профилактической работы.*

***Ключевые слова:*** *синдром эмоционального выгорания; профессиональная деформация; психопрофилактика; служебное общение; коммуникативная компетентность; личностные ресурсы.*

***Abstract:*** *In the context of the realities of Kyrgyzstan, the problem of professional deformation, and, in particular, emotional burnout of specialists in various professions, is the most relevant and topical. The formation of value orientations of an individual is highly determined by the socio-economic conditions of its life, and if the conditions*

*are unfavorable, they will contribute to the deformation of the value-semantic sphere. The study of cause-and-effect relationships of such a complex phenomenon of emotional burnout is particularly relevant and important today for specialists in those professions whose activities place high demands on the moral and personal qualities of employees, their emotional endurance, and psychological preparedness.The article analyzes the features of professional and emotional burnout of employees of the criminal Executive system in working with convicts serving sentences, with persons who are in prison during their service, and recommends directions for its preventive work.*

***Keywords:** burnout syndrome; professional deformation; psychoprophylaxis; service communication; communicative competence; personal resources.*

Алгачкылардан болуп, «эмоционалдык күйүү» термини америкалык психиатр Г. Фрейденберг тарабынан 1974-жылы кардарлар, пациенттер менен интенсивдүү жана тыгыз баарлашууда болгон, аларга эмоционалдык оор атмосферада прфессионалдык жардам көргөзгөн дени сак адамдардын психологиялык абалын мүнөздөө үчүн киргизген. К. Маслач эмоционалдык күйүү синдромун инсан менен анын жумушунун ортосундагы дал келбөөчүлүктүн жыйынтыгы катары кароону сунуштаган. Дал келбөөчүлүк, ажырым канчалык күчтүүрөөк болсо, кесиптик күйүүнүн толук мүмкүндүгү ошончолук жогору боло тургандыгын баса белгилеген. Психология илиминде күйүү синдрому өз ичине психологиялык, психофизиологиялык жана жүрүм-турум компоненттерин камтыган, жумуштагы стресстик абалга карата жагымсыз реакция болуп саналган инсандык деформациянын феномени катары каралат. Жумуштагы стресстик абалдын натыйжасынын канчалык тереңдегенине жараша адамдын моралдык жана физикалык күчтөрү жабыркайт, ал илең-салаң тартып, ден соолугу дагы начарлайт. Жумушунда "күйгөн" адамдардын эмгектик мотивациясы төмөндөйт, жумушуна болгон көңүл коштук мамилеси өнүгөт, эмгектин өндүрүмдүүлүгү жана сапаты начарлайт.

Кесиптик күйүүнүн белгилери болуп ар дайым жумушу боюнча тынчсызданып жүрүүсү; өзүн чарчап тургандай, убакытты пайдасыз өткөрүп жаткандай сезүүсү, коллегаларына же ишинде байланышта болгон субъекттерге карата кыжырданып, туталанып мамиле кылуусу, жумушка "мойнунан байлаган иттей" болуп өзүн мажбурлап баруусу, өзүнүн иштеген ишинен эч кандай канааттануу албоосу эсептелет. Эмоционалдык күйүүнүн белгилеринин көрүнүшүнүн эң эле коркунучтуу формасы болуп, адам тарабынан жашоонун маңызын сезип жашоого карата болгон аракеттин жоголуусу, баалуулуктарга умтулуунун жоголуусу, бардыгына "кол шилтеп, эмне болсо ошо болсун" деген мамиле кылуусу эсептелет.

Акыркы он жылдыкта дүйнөлүк пенитенциардык психологияда профессионалдык деформацияны түзүүчү бирден бир компонент катары эмоционалдык күйүү проблемасына болгон кызыгуу артууда. Пенитенциардык психологдордун ишмердүүлүгүндөгү биринчи багыт болуп кызматкерлердин кызмат өтөө процессиндеги инсандык сапаттарындагы жагымсыз, терс жакка карата өзгөрүүлөрдүн жана ошону менен бирге стресске алып келүүчү атайын факторлордун таасири менен келип чыккан кесиптик күйүүнүн алдын алуу болуп саналат.

Бул багыттагы чет мамлекеттик бир катар илимий публикацияларды талдап караганда абак кызматкерлеринин кесиптик күйүү феноменин биринчи жолу Г.Брэдли (Bradley, 1969) ачып көрсөткөн. Мындан кийинки он жылдыктарда көптөгөн чет мамлекеттик психологдор тарабынан түрмө кызматкерлеринин кесиптик күйүүсүн көп кырлуу, ар тараптуу жактан изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Илимий публикацияларга талдоо жүргүзүү кесиптик күйүү феномени алгач абак персоналынан байкалгандыгын күбөлөндүрөт, ал эми кийинки он жылдыктардын аралыгында чет элдик жана кыргызстандык психологдор тарабынан көп кырдуу изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. (H.G. Freudenberg, 1974; C. Maslach, 1982; T. Cox et al., 1993; W. Schaufelly, D. Enzmann, 1998; A. Plana et al., 2003; Т.В. Форманюк, 1994; А.К. Маркова, 1996; В.В. Бойко, 1996, 1999; Н.Е. Водопьянова, Н.В. Гришина, 1997; В.Е. Орел, 2001, 2005; Т.Н. Ронгинская, 2002; М.В. Агапова, 2004; С.А. Калашникова, 2004; Н.В. Мальцева, 2005; Н.В. Мушастая, 2007; Т.И. Шевченко, 2007; Е.С. Старченкова, 2008; О.Н. Доценко, 2008; И.В. Малышев, 2009; Концепция развития уголовно-исполнительной системы Российской Федерации до 2020 года: утв. Распоряжением Правительства Российской Федерации от 14.10.2010 №1772-р // СЗ РФ. 2010. №43. Ст. 5544. О.В. Полунина, 2009; С.А. Наличаева, 2011ж.б.). Бирок бүгүнкү күнгө чейин аталган феномендин татаалдыгын, анын детерминациясын жана өнүгүү механизмин ачып көргөзүүчү жалпылоочу теоретикалык концепция жокко эсе

Алардын эмгектеринде пенитенциардык кызматкерлердин бул феноменинин механизмдери, өнүгүү факторлору жана структурасы изилденген. Профессионалдуу милдеттерди чечүү пенитенциардык мекемелердин персоналынан алардын иш кызматына байланыштуу эмоционалдуу күйүү синдромунун пайда болуу тобокелдигинин эң жогоруу экендигин эске алуу менен эркинен ажыратылгандар жана коллегалары менен эффективдүү өз ара аракеттешүүнү талап. Ошондой эле профессионалдык стрессорлордун ичинен күйүүнүн өнүгүүсүнө түрткү берүүчү себеп катары өз ара аракеттешүүдөгү жогорку эмоционалдык чоң чыңалуунун шарттарындагы ишкердүүлүктүн катаал нормативдик регламентациясы эсептелет. Каралып жаткан синдромдун өнүгүүсүнө кызматкерлердин личностунун профессионалдык деформациясы дагы түрткү берет. Жаза аткаруу системасынын персоналы ар дайым кылмышкерлер- психикасы, аң-сезими эчак «деформацияланган», моралдык жактан туруксуз адамдар менен баарлашып, иш алып барууга туура келет. Түрмөдөгү кесилген адамдын жүрүм-турумун прогноздоо үчүн, анын личностун абдан жакшы изилдеп чыгуу керек, бул болсо убакыттын бир белгилүү учурунда (айрым учурда эң эле узакка) анын жан дүйнөсүнүн логикасында жашоо шартында гана мүмкүн

болот. Мындай процесс кызматкердин личностуна сөзсүз түрдө терс таасирин тийгизет. Көп учурда түзөтүү колонияларынын айрым жумушчу-кызматкерлери психологиялык жактан абактагы контингенттен дээрлик айырмаланбайт. Бул өзгөчө «токой» колониялары деп аталып, маданий борборлордон обочолонуп калган анча чоң эмес айылдардагы түзөтүү колонияларында узак убакытка чейин «нормалдуу» адамдар менен баарлашуу мүмкүндүгү жок шартта иштеп жаткандардан байкалат, мындай учур личносттун профессионалдык деформациясын тездетет. Мындай шарттарда психосоматикалык ооруларга (гастрит, ашказандын жарасы, жүрөк-кан тамыр оорулары ж.б.) жана девианттык жүрүм-турумдун ар кандай түрлөрүнө (агрессивдүүлүккө, алкоголдук ичимдиктерге берилүүгө, наркомания, суицид ж.б.)алып келүүчү адамдын физикалык жана психоэмоционалдык ресурстарынын жабыркоосу тездейт.

Түзөтүү мекемелеринин негизги милдети болуп, кылмышкерлердин басымдуу көпчүлүгүнүн асоциалдуу көз-караштарын жана жүрүм-турумун өзгөртүүгө кызыкпагандыгына жана негизги күчтөрүн түзөтүү колониясында түрмөдөгү неформалдык көз караштын чегинде өзү үчүн «коопсуз жана ыңгайлуу» абалын түзүүгө умтулгандыгына карабастан абактагыларды ресоциализациялоо боюнча ишмердүүлүгү саналат. Кызматкерлер менен кесилгендердин өз ара аракеттешүүсүнүн татаалдыгы, персоналдын ар бир иш аракетинин жыйынтыгында олуттуу укуктук натыйжаларды алып келип, өзгөчө социалдык маанилүүлүккө жана жоопкерчиликке ээ болгондугу менен шартталат. Профессионалдык ишмердүүлүктөгү чыңалууга кесилгендердин дайыма болуп турууччу ачыктан-ачык жана тымызын жүргүзүлгөн каршы аракеттери, алар тарабынан уюштурулган провокациялар, ошондой эле укук бузуучулар болгондугуна карабастан алар ошол эле учурда кызматкерлер тарабынан мыйзамдардын аткарылып-сакталып жаткандыгына тыкыр көз салуусу дагы кошумча болот. Бул багытта изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар кесилгендер менен түзөтүү таасирлерин ишке ашырууга багытталган интенсивдүү иш аракетте болгон түзөтүү колонияларынын кызматкерлеринде, профессионалдык ишмердүүлүгүндө кылмыш чөйрөсү менен өтө тыгыз байланышта болбогон тергөө изоляторлорунун кызматкерлерине караганда эмоционалдык күйүүнүн чеги жогору боло тургандыгын божомолдошот.

Удмуртия Республикасында жаза аткаруу системасынын кызматкерлеринин арасында эмпирикалык изилдөө жүргүзүлгөн. Эксперименталдык топко түзөтүү колонияларынын 30 кызматкери, контролдук топко тергөө изоляторунун 30 кызматкери кирген. Изилдөөгө катышкан бардык кызматкерлер иш кызматында кызматтык милдеттерине ылайык кесилгендер жана тергөө жүргүзүлүп жаткандар менен иш алып барышат. Эмпирикалык маалыматтарды чогултууда В. В. Бойконун эмоционалдык күйүү синдромун диагностикалоого багытталган стандартташтырылган самоотчет методикасы, А. А. Рукавишниковдун психикалык күйүүнүн деңгээлин диагностикалоо методикасы, Манна Уитнинин стандарттык эмес интервьюлары колдонулган. Бул ыкмалардын жардамы менен алынган маалыматтар боюнча тергөө изоляторундагы кылмышкерлер менен иш алып барган кызматкерлерге караганда түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин дарегине кесилгендер тарабынан эки эсе көп коркутуулар келип түшөт, алардын негизинде кызматкерлерде өзүнүн жана жакындарынын коопсуздугу үчүн кайгыруу менен байланышкан психикалык дискомфорт келип чыгат. Түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери профессионалдык ишмердүүлүк процессинде абакка кесилгендер менен болгон чыр-чатактардын көп кездеше тургандыгын белгилешет. Ал эми тергөө изоляторлорунун персоналдары аларга салыштырмалуу укук бузгандар менен баарлашууда психикага таасир этүүчү жагдайларга көп туш келишпейт. А. А. Рукавишниковдун «Психикалык күйүүнүн деңгээлин диагностикалоо» («Диагностика уровня психического выгорания») методикасы боюнча салыштырмалуу талдоо жүргүзүүдө түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин психоэмоционалдык жактан жабырлануусунун жогорку деңгээлин көрсөттү, мындай абал алардын жүрүм-турумунан ачык байкалат: ар дайым эмоционалдык, физикалык жактан жабыркап, айланасындагыларга карата өзүн көңүлү чөгүңкү, пассивдүү, көңүл кош, эч нерсеге чыдамы жок, кыжырданып, туталанып алып жүрөт. Ар кандай баарлашуу, мамиле түзүү байланыштарын кыскартууга умтулат.

В. В. Бойконун «Эмоционалдык күйүү» изилдөө методикасынын жардамы менен алынган маалыматтар түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин профессионалдык ишмердүүлүгүндө ошондой эле күнүмдүк турмуш-жашоосундагы келип чыккан экстремалдык кырдаалдарды эң оор кабыл алышаарын күбөлөндүрүшөт. Алар көп учурда адекватсыз эмоционалдык абалда болуп, тынчсыздануусу улам күч алып турат. Мындай жагдайдын түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аткарууда көпчүлүк учурда стресстик кырдаалдар менен кагылышууга туура келгендиги менен байланыштуу түзүлгөндүгү талашсыз. Аларда эмоционалдык күйүүнүн гана симптомдору байкалбастан, жеке турмушунда дагы айланасындагы адамдардан алыстап, мамиле түзүүдөн качып калышат жана профессионалдык деформациянын күч алуусуна алып келет.

Кызматкерлерде эмоционалдык күйүү синдромун күчөтүүчү факторлорго кабыл алынган чечимдер үчүн болгон жоопкерчилик, аткарган иштеринин натыйжалуулугу, үй-бүлөсү жана достору менен болгон жагымсыз мамилелер, коркунучтуу шарттар, аткара турган милдеттеринин татаалдыгы, маалыматтын көлөмүнүн көптүгү, убакыттын тартыштыгы, жеке жашоосу үчүн убакытты пландаштыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу ж.б. кирет. Эмоционалдык күйүүнүн алдын алуу максатында түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин профессионалдык ишмердүүлүктөрүн уюштурууну оптимизациялаштыруу боюнча иштерди жүргүзүү максатка ылайыктуу; сыйлоо жана жазалоонун адилеттүү системасын колдонуу, кызматкерлердин материалдык-турмуштук шарттары боюнча кам көрүү ж.б. Пенитенциардык мекемелерде жоопкерчиликтин белгилүү бир чегиндеги кырдаалда кызмат аткаруу эмоционалдык күйүү синдромунун өнүгүшүн чектеп тураарын эске алуу зарыл, ал эми өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасы үчүн жоопкерчиликтин так жана тең эмес бөлүштүрүлүшү

персоналдын психикасына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмоционалдык күйүүсүнүн алдын алуу профессионалдык ишмердүүлүктөгү стрессогендик факторлордун таасирин төмөндөтүп, личносттук ресурстарды туура ылайыктап толтуруп жана пайдаланууга үйрөтүүгө багытталууга тийиш. Бул үчүн психикалык ден соолукту калыбына келтирүү, адекваттуу эмоционалдык жооп кайтаруу ыкмаларына окутуу, личносттук өсүүгө карай мотивацияны өнүктүрүү, өз жашоо турмуш жолун аң сезимдүүлүк менен жөнгө салып туруу боюнча ресурстарды кармап туруу чөйрөсүндө психологиялык жактан агартуу боюнча сабактарды өткөрүү максатка ылайыктуу. Эмоционалдык күйүүнүн алдын алуунун максаты адамдын жаңы тажрыйбага ачык экендиги, алдыга койгон максаттарына жетүүгө болгон аракети жана бул учурда шашпастан жумушта жана жашоодо позитивдүү натыйжаларга жетишүү үчүн жетишээрлик убакыт бөлүүгө умтулгандыгында турат.

Коомдук жактан канааттандыруучу колдоого ээ болуу зарыл (өзүн алар менен болгон мамилесинде жагымдуу сезген үй-бүлөсүнүн жана досторунун болуусу) Эмоционалдык күйүүнүн алдын алуу боюнча иштердин маанилүү составдуу бөлүгү болуп, психологдун кызматкерлер менен бул профессионалдык ишмердүүлүктү- кесипти аң сезимдүүлүк менен тандап алгандыгын жогорулатууга багытталган иш алып барuусу эсептелет. Эмгегинин маанисин түшүнүү жана кабыл алуусу иштин персоналдуу маанисин жана баалуулугун таба билүүгө жардамга келет.

Эмоционалдык күйүүгө кабылбас үчүн өзүнүн жашоо турмушуна болгон канааттанууну талдоо жана баалоо зарыл. Ошентип, жүрүм-турумун жана өмүр жолун ан сезимдүүлүк менен жөнгө салуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу түзөтүү кызматкерлеринин арасында эмоционалдык күйүү синдромунун алдын алуу түрмө психологунун ишинин өтө маанилүү компоненти болуп саналат.

***Адабияттар***


1. *Бойко В.В. Синдром «эмоционального выгорания» в профессиональном общении. -СПб: Питер, 2005. - 156 с.*
2. *Водопьянова Н., Старченкова Е. Синдром выгорания: диагностика и профилактика. 2-е изд. -СПб.: Питер, 2008. - 358 с.*
3. *Китаев-Смык Л.А. Выгорание персонала, выгорание личности, выгорание души // Психопедагогика в правоохранительных органах. 2008. № 2. С. 43–50.*
4. *Кубенова Г.С. Синдром эмоционального выгорания: профессиональный стресс // Психология и педагогика: методика и проблемы практического применения, 2010. № 15. С. 88-92.*
5. *Стрижак В.И. Особенности профессиональной деятельности сотрудников уголовно-исполнительной системы // Опыт и актуальные проблемы совершенствования психологической службы уголовноисполнительной системы: материалы науч.-практ. семинара. -М., 1999. С. 117.*
6. *Тропов В.А., Новикова И.А. Синдром профессионального выгорания у оперативных сотрудников уголовно-исполнительной системы, его выявление и профилактика (учебно-методическое пособие). - Архангельск, 2007. С. 9.*


***Рецензент: к. ф. н., доцент Мусаева Н. К.***